УДК: 93/94 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-148-158

**Курманалиев К.А.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
kubatbekamanovic@gmail.com

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 1925-1926-ЖЫЛДАРДАГЫ РАЙОНДОШТУРУУ

**Аннотация.** Бул макалада Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын 1925-1926-жылдардагы райондоштуруунун уюштурулушу жана аны ишке ашыруунун жолдору жыйынтыктары каралат.

Райондоштуруу принциптери жалпысынан алганда адилеттүү жүргүзүлдү деп айтылганы менен карама-каршы учурлар да абдан арбын кездешкен. Анткени улуттук белгилери боюнча чек араларды аныктоодо жалпы кабыл алынган принциптер көчмөндөрдүн жашоо турмушун эске албастан жүргүзүлгөн. Алсак, алар кышкысын отурукташкан элдин арасында көпчүлүктү түзсө, башка убакта аз санда болгон. Ал эми чек араларды, жерди пайдалангандыгы боюнча аныктоо принциби болсо, көпчүлүк учурларда бухара-кокон жана орус падышачылык бийлигинин кемчиликтери, анын кесепеттери совет мезгилинде укуктук жактан бекемделип калган.

Кыргыздардын аймактык кызыкчылыктары экономикалык бүтүндүк принцибинин сактылышынан жапа чеккен, анткени пахтачылык менен алактенишкен өзбек жана тажик элдерине артыкчылыктар берилген. Чек араларды ийри сызыктар менен чектөө жана бөтөн аймактарды киргизбөө сыяктуу принциптер, тескерисинче бир жактуу жүргүзүлүп жана Кыргызстандын кызыкчылыктарына зыян келтирген. Орто Азияда Кыргызстандан башка бир дагы республиканын чек аралары ийри-буйру болуп чектелген эмес жана бөтөн анклавдары жок. Башкысы, СССРдин шарттуу ички чек аралары боюнча принцибине ылайык, жерлер негизинен улуттарга жана алардын мамлекеттик бирикмелерине таандык болбостон, ага жалпы союздук саясий, аскердик стратегиялык жана экномикалык кызыкчылыктарга негизделген союздук өкмөт толук укуктуу кожоюн катары эсептелген.

**Негизги сөздөр:** топтук күрөш, улуттук дискриминация, үч болуштук, жаңы райондоштуруу, жергиликтүү тил, улуттук азчылык, географиялык абал.

**Курманалиев К.А.**
кандидат исторических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
kubatbekamanovic@gmail.com

## РАЙОНИРОВАНИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ В 1925-1926 ГОДАХ

**Аннотация.** В статье рассматриваются итоги организации районирования Кара-Киргизской автономной области в 1925–1926 годах и итоги его проведения.

Хотя, как утверждается, принципы районирование в целом применялись справедливо, имело место и немало противоречивых случаев. Общепринятые принципы определения границ по национальному признаку применялись без учёта образа жизни кочевников. Например, зимой они составляли большинство среди оседлого населения, а в остальное время года были малочисленны. Что касается принципа определения границ по землепользованию, то в большинстве случаев это были недостатки бухаро-коканского и российского царизма, последствия которых были юридически закреплены в советский период.

Территориальные интересы киргизов страдали от сохранения принципа экономической целостности, поскольку узбекскому и таджикскому народам, занимающимся выращиванием хлопка, предоставлялось преимущественное право. Такие принципы, как установление границ кривыми линиями и исключение чужих территорий, напротив, реализовывались в одностороннем порядке и наносили ущерб интересам Киргизии. В Средней Азии ни одна республика, кроме Киргизии, не имеет кривых границ и не имеет иностранных анклавов. В частности, согласно принципу условных внутренних границ СССР, земли принадлежали преимущественно не народам и их государственным объединениям, а союзному государству, исходя из общности политических, военно-стратегических и экономических интересов Союза, как полноправному собственнику.

**Ключевые слова:** групповая борьба, национальная дискриминация, трех волость, новое зонирование, местный язык, национальное меньшинство, географическое положение.

**K.A. Kurmanaliev**
Candidate of Historical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
kubatbekamanovic@gmail.com

## REGIONALIZATION IN KYRGYZSTAN IN 1925-1926

**Annotation.** The article examines the results of the organization of zoning of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region in 1925-1926 and the results of its implementation.

Although the principles of zoning were generally applied fairly, there were many contradictory cases. The generally accepted principles of defining borders by nationality were applied without taking into account the way of life of nomads. For example, in winter they constituted the majority of the settled population, and at other times of the year they were few in number. As for the principle of defining borders by land use, in most cases these were shortcomings of the Bukhara-Kokhan and Russian tsarism, the consequences of which were legally enshrined in the Soviet period.

The territorial interests of the Kyrgyz suffered from the preservation of the principle of economic integrity, since the Uzbek and Tajik peoples, engaged in cotton cultivation, were given preferential rights. Such principles as the establishment of borders with crooked lines and the exclusion of foreign territories, on the contrary, were implemented unilaterally and harmed the interests of Kyrgyzstan. In Central Asia, no republic except Kyrgyzstan has crooked borders and does not have foreign enclaves. In particular, according to the principle of conditional internal borders of the USSR, the lands belonged primarily not to the peoples and their state associations, but to the union state, based on the common political, military-strategic and economic interests of the Union, as a full-fledged owner.

**Key words:** group struggle, national discrimination, three volosts, new zoning, local language, national minority, geographical location.

1925-жылдын 15-январында КАОнун жарыяланган күнүн майрамдоого арналган салтанаттуу жыйынында кабыл алынган декларациянын негизинде Революциялык комитет жумушчулар, дыйкандар жана кызыл армиянын депутаттары, кыргыз эмгекчи элинин туруктуу өкмөтүн түзүү боюнча шайлоолорду өткөрүү боюнча даярдык көрө баштаган.

Шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү айыгышкан топтук күрөштүн шартында өткөн. Бул топтук күрөш, биздин оюбузча, болуштуктарда болуп өткөн мурдагы, оор партиялык күрөштүн уландысы, ал кеңири жайылгандыктан, ошого жараша ыйгарым укуктар көбөйгөн, албетте, жер-жерлерде бийликке болгон кызыкчылыктар күчөгөн. Топтук күрөш Талас, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар жана башка райондор менен болуштуктарда өзгөчө курч болгон.

Шайлоонун жыйынтыгында тиешелүү жергиликтүү аткаруу комитеттери түзүлгөн. 1925-жылдын март айынын биринчи жарымында Пишпек, Каракол-Нарын, Жалал-Абад жана Ош округдарынын кеңештеринин уюштуруу курултайдары өткөн.

1925-жылдын 5-февралында КАОнун биринчи Бүткүл кыргыз уюштуруу курултайын март айында чакыруу жөнүндө чечим кабыл алып, күн тартибин бекитет. 1925-жылдын 27-30-мартында Пишпек шаарында Кыргыз автономиялуу областынын кеңештеринин уюштуруу курултайы өтүп, ага өлкөнүн ар кайсы аймактарынын жана аз улуттардын өкүлдөрү кеңири катышкан. Курултайдын катышуучулары калктын саны жана анын этникалык курамы жөнүндөгү маалыматтар менен таанышкан.

1-таблица. КАОнун калкынын саны жана улуттук курамы [5, б.24].

| **Округ-дун аталышы** | **Аял-эркек** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баардыгы** | **Кыргыздар** | | **Өзбектер** | | **Орустар** | | **Башка улуттар** | |
| | | **саны** | **%** | **саны** | **%** | **саны** | **%** | **саны** | **%** |
| Пишпек | 211 692 | 93 844 | 45,.3 | 8914 | 4,2 | 88344 | 41,7 | 20590 | 9,4 |
| Каракол-Нарын | 168428 | 120963 | 71,8 | 3859 | 2,2 | 35797 | 21,2 | 7809 | 4,8 |
| Ош | 262882 | 157861 | 60,0 | 93613 | 35,6 | 5717 | 2,1 | 5691 | 2,3 |
| Жалал-Абад | 184412 | 132285 | 71,7 | 39556 | 21.6 | 7790 | 4,2 | 4781 | 2,5 |
| Облус боюнча бардыгы | 827414 | 504951 | 61,0 | 145942 | 17,6 | 137648 | 16,5 | 38871 | 4,9 |

Курултайда И.Айдарбеков Облустук ревкомдун иши боюнча доклад жасаган. Докладды угуп, курултай резолюция кабыл алган, анда революциячыл комитеттин ишине оң баа берилген. Курултайды Ж.Абдрахманов партбилети бар колонизатор деп атаган М.Каменский башкарган [1, 111-б].

Курултайда Өзбек ССРнин Самарканд областынын Хожент уездинин тургундарынан кайрылуу түшүп, анда «Өзбек Республикасында төмөнкү кара-кыргыз коомдору: 1) Бакса-Сибирген, 2) Исфана, 3) Чапкулук калганы, алар 5000 чарбаны (түтүн) түзөөрү кабарланат. Жогоруда аталган коомдор үч волостко бөлүнгөн. Биринчи волост Бакса-Сибирген деп аталып, ага төмөнкү коомдор кирген: 1) Чайлган, 2) Сумбуя, 3) Ден. Экинчи болуштук - Исфана: 1) Кара-Булак, 2) Курусун, 3) Сүлүктү, 4) Көмүрташ. Үчүнчү болуштук - Чапкулук: 1) Искавчы, 2) Маргон, 3) Мадыген, 4) Машкен». Мурдагы Хожент уездинин кыргыздарына таандык болгон кыргыздын «ичкилик» уруусу, алар Өзбек ССРнин титулдук улутуна этникалык жактан жат болгондугуна байланыштуу кайрылган. Бул үч волосттун чек аралары жана жайгашкан жери боюнча төмөндөгүлөр белгиленген: «Батыш бөлүгү тажиктерге таянат, областтын түндүк бөлүгү Өзбек Республикасы менен, түштүк бөлүгү карлуу тоолор жана Алтын-Бешик, чыгыш бөлүгү Ош округунун Лейлек өрөөнү менен чектешет». Бул үч болуштук Лейлек болуштугу менен тыгыз экономикалык байланышта болгон. Жайкысын малды багуу бир жайыттарда жүргүзүлгөн. Жогоруда белгиленген коомдордун экономикалык абалы өтө оор бойдон калган. Басмачылар менен Кызыл Армия элдин байлыгын жана мүлкүн бирдей тоноп кетишкен [9, б.3]. Жумуштун жоктугунан көптөгөн тургундар бул волостторду таштап, алыскы шаарларга жумуш издеп кетишкен. Кыргыздарга карата өзбек кызматкерлери тарабынан этникалык карама-каршылык пайда болгон. Кыргыздардын укугу көп тебеленип турган. Мисалы, үгүт иштери жалаң өзбек тилинде жүргүзүлгөн. Ушундан улам этникалык кыргыздар Совет бийлигинин маңызын түшүнбөй калган Кайрылууда «эгер мындан ары да ушундай боло берсе, биз 50 жыл бою Совет бийлигинин маңызын түшүнбөйбүз деп ишенимдүү айта алабыз» деп жазылган [9, б.3].

ККАОнун аймагындагы кыргыздардын абалы да оор бойдон калган. Алардын укуктары көп учурда сакталбай жана бузулган. «Кызыл-Кыя» шахтасында иштеген кыргыздар улуттук дискриминацияга дуушар болгон. Ош шаарында областтык аткаруу комитетинин 1925-жылдын 26-ноябрында болуп өткөн 3-көчмө сессиясынын пленумунда «Кызыл-Кыя» таш көмүр кенинин жумушчусу - Мадраимов доклад жасаган. Ал шахтёрлордун турмушу, эмгекке акы төлөөдөгү дискриминация жана шахта администрациясы тарабынан жасалган жумушчу - кыргыздардын укуктарынын бузулушу жана башка фактылары жөнүндө кеңири айтып берген. Администрация тарабынан толук ээнбаштык менен бирге дарыгерлер дагы кыргыз эмгекчилеринин саламаттыгына кайдыгер мамиле кылышкан.

Курултайда ККАОну РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз Автономиялык ССРине айландыруу маселеси көтөрүлгөн. Курултай ушул жана башка маселелерди талкуулап, областтык аткаруу комитетине автономиялуу республикага айландыруу жана үч болуштукту Кыргызстанга өткөрүп берүү жөнүндө өтүнүч менен ББАК ка (ВЦИК) кайрылууну тапшырат. Муну менен катар ал кайрылууга областтын аталышынан “кара” деген сөздү алып салуу боюнча пункутту киргизүү сунушталган [9].

Ошондой эле курултай СССР БАКнын Улуттар Советине жана Советтердин Бүткүл россиялык XII курултайына делегаттарды шайлаган [15, с.11-12]. Ошентип, ККАО Советтеринин Бүткүл кыргыздардын биринчи курултайы РСФСРдин курамындагы автономия түрүндөгү кыргыз элинин мамлекеттик түзүлүшүн жарыялап, мыйзамдуу түрдө жол-жоболоштурду, ошондой эле областтын аткаруу комитети - областтын жогорку аткаруу комитети түзүлгөн.

Курултай аткаруу комитетине Борбордук Азиядагы УПОЛСТО аркылуу Өзбекстандын курамында калган кыргыздар менен чек араларды тактоо жана болуштуктарга кошулуу

маселесин эртерээк чечүүгө жетишүүнү тапшырган. Көптөгөн кыргыз болуштуктарында туруктуу болуштук борборлор болгон эмес. Туруктуу болуштук борборлорду түзүү маселеси да каралып, бул маселе боюнча иш жүргүзүү областтык аткаруу комитетине тапшырылган.

Кыргыз автономиялуу областынын аткаруу комитети Советтердин Бүткүл кыргыз съездинин көрсөтмөлөрүн орундатуу менен төмөндөгүдөй токтом кабыл алган: «Кыргызстандын улуттарынын тынчтыкта жанаша жашоосу үчүн бекем эрки, анын калкынын эмгекке жана маданиятка умтулуусу Кыргызстандын Автономиялуу республика болуп катталышы менен камсыз кылынууга тийиш». 1925-жылдын 22-апрелинде Областтык Аткаруу комитети ББАКка (ВЦИК) автономиялуу областты автономиялуу республикага айландыруу жөнүндө өтүнүчтү демилгелөө жөнүндө токтом кабыл алган. Анда: «ККАОнун советтеринин биринчи курултайынын РСФСРдин курамында бир добуштан кабыл алынган чечимин эске алуу менен, ошондой эле Кытай менен чектеш жана Индостанга жакын жерде жайгашкан аймагынын саясий жактан өз тагдырын өзү чечкендигин эске алуу менен, ал кулчулукта болгон кошуна улуттар үчүн саясий зор мааниге ээ болору шексиз, РСФСРдин курамындагы Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикага айландыруу жөнүндө өтүнүч менен ББАКга (ВЦИК) кайрылат» [3, б.205]. Бул ишке ККАОнун ББАКтын (ВЦИК) алдындагы туруктуу кыргыз өкүлчүлүгү активдүү катышкан. Бирок, аракет күтүлгөн натыйжаларды берген жок. Мунун бирден-бир натыйжасы ББАКтын (ВЦИК) президиумунун 1925-жылдын 25-майында Кара-Кыргыз автономиялуу областын Кыргыз Автономиялык областы деп өзгөртүү жөнүндөгү токтому болгон.

Бул маселе кайрадан 1925-жылы ноябрда областтык аткаруу комитетинин сессиясынын кароосуна коюлган. Областтык аткаруу комитетинин президиуму 1925-жылдын 6-декабрында ББАКтын (ВЦИК) президиумуна Кыргыз Автономиялык областын Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасына айландыруу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган. ББАКтын (ВЦИК) президиуму уюштуруу курултайында айтылган кыргыз элинин эркин жана турмушта болуп өткөн олуттуу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен 1926-жылдын 1-февралында КАОну РСФСРдын курамындагы Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы (КАССР) кылып кайра түзүү жөнүндө токтом кабыл алган. 1926-жылы ББАКтын (ВЦИК) 12-чакырылыштагы үчүнчү сессиясы КАОну Автономиялуу республикага айландыруу жөнүндөгү чечимди бекиткен.

ББАКнын (ВЦИК) Президиуму 1925-жылдын 6-июнунда облустун административдик бөлүнүшүн бекиткен жана Кыргыз автономиялуу областынын өкмөтүнө ички административдик райондоштуруунун акыркы долбоорун иштеп чыгууну жана тааныштырууну тапшырган.

Областты жаңы райондоштуруу кыргыз коомун бөлүп-жарууну, уруулук араздашууну, уруулар ортосундагы чыр-чатактын очокторунун бири – жайлоо жерлерин колдонууну жоюуга багытталып жайлоолорду, жайыт жерлерди туура пайдалануу жана башка райондордун калкы менен биргелешип пайдалануу маселесин чечкен [15, б.11].

Областтык өкмөттүн милдети эмгекчи калктын кеңири массасын советтик башкаруу органдарына тартуу болгон. Совет бийлигинин чечимдерине ылайык, башкаруу органдары калктын ыңгайлуулугу үчүн түзүлгөн органдар болгон. Эмгекчил калктын массасын башкарууга тартуу үчүн көпчүлүккө түшүнүктүү тилде уюштуруу керек эле. Иш кагаздарын жергиликтүү тилге которуу аракети мамлекеттик кызматтагы чиновниктердин катуу каршылыгына дуушар болгон, анткени иш кагаздары орус тилинде жүргүзүлгөн. Областтык аткаруу комитети мамлекеттик аппаратты түптөө кампаниясын жүргүзүүнү, бул мамлекеттик

башкарууга улуттук республикалардын жана региондордун эмгекчи массасын тартууну жана советтик демократияны чыныгы социалдык-таптык мааниде жайылтууну, баардык мамлекеттик аппарат жергиликтүү калктын тилинде тейлөөнү чечкен [7, б.10].

Областты натыйжалуу башкаруу максатында мамлекеттик аппарат үчүн жергиликтүү улуттардын кадрларын даярдоо зарыл болгон, анткени алар күнүмдүк турмушту жана каада-салттарды жакшы билишкен. Улуттук кадрларды даярдоодо областтык аткаруу комитетинин жергиликтүү калкты тартуу иши артыкчылыктуу болгон. Бул максатта аймактык комиссия түзүлүп, иш кагаздарын ошол жерде өкүм сүргөн улуттун тилине которуу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Советтик-партиялык аппараттын ар бир кызматкери түпкү улуттун гана эмес, тигил же бул округдун же болуштуктун аймагында жашаган башка улуттардын да таламдарын эсепке алууга тийиш эле. КАОнун аймагында көптөгөн улуттар жашаган. Кыргыздардан тышкары орустар, украиндер, өзбектер, дунгандар, уйгурлар ж.б. №1 таблицага ылайык, калктын 39%ке жакыны улуттук азчылыктардын өкүлдөрү болгон. Алардын арасында көчмөн, жарым көчмөн жана отурукташкан элдер болуп, маданий жана билим деңгээли боюнча да айырмаланышкан. Ар бир элдин күнүмдүк турмушунда, каада-салтында, тилинде өзгөчөлүктөрү болгон. Мурдагы административдик бөлүнүштө бул өзгөчөлүктөр эске алынган эмес.

Түпкү улуттан тышкары улуттук азчылыктардын (өзбектер, украиндер ж.б.) өкүлдөрүн дагы советтик мамлекеттик аппараттын ишине тартуу, мекемелердин иш кагаздарын эне тилинде жүргүзүү белгиленген. Бир катар округдарда этникалык азчылыктар жыш жашаган калктуу пункттар болгон, аларды өзүнчө айылдык улуттук советтерге бөлүп берүүгө туура келген.

Фрунзе округунун курамында эки улуттук топ - кыргыздар жана европалыктар басымдуулук кылган. Биринчи топтун саны: жалпы 116 290 жан, экинчи топко Пишпек шаарынын тургундарын кошкондо жалпы 108 170 жан (украиндер, орустар, немистер) кирген [18, б.9]. Пишпек округундагы казак-орустар аймактык жактан жайгаштырууну талап кылган. ББАКтын (ВЦИК) 1926-жылдын 1-февралындагы токтому менен казак-орус калкынын административдик-территориялык түзүлүшү боюнча комиссия түзүлүп, ал 1926-жылдын 28-апрелинде казак-орустарды эмес, бардык орус-украиндерди бөлүү зарылчылыгы жөнүндө чечим чыгарган.

Ош округунда да өзгөчө болуштук болгон, анда өзбек жана кыргыздар бирдей санда жашаган. Ош шаарында өзбектер кыргыздарга караганда сан жагынан бир аз артыкчылыкка ээ болгон, Ош шаардык кеңеши түзүлгөндөн кийин шаардык жана округдук аткаруу комитеттердин кызматкерлеринин ортосунда пикир келишпестиктер келип чыккан. Шаардык аткаруу комитетинде жумушчулардын көбү өзбектер болуп, округдук аткаруу комитетинен өз алдынча аракеттенүүгө аракет кылышкан. «1926-жылдын 8-июлунда ВКП (Б) Ош округдук комитетинин Аткаруу бюросу Ош шаардык Кеңешинин шаардык кеңеши менен округдук аткаруу комитетинин өз ара мамилеси жөнүндө фракциянын маалыматын угуп, шаардык советтин бөлүмдөрүнүн округдук аткаруу комитетинин бөлүмдөрүнө баш ийбегендигинин фактыларына жол берилбестигин аныктап, округдук аткаруу комитетинин фракциясына шаардык советтин ишине дайыма жетекчилик кылууну, системалуу турдө көрсөтмө берүүнү сунуш кылат» [6, б.268]. Түштүктөгү чыр-чатактар жогорку органдарга баш ийбегендигинен гана эмес, Орто Азиянын эки мамлекеттик түзүлүшүнүн – Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы чек ара маселеси чечилбегендиктен келип чыккан. ВКП (Б)нын Кыргыз обкомунун 1925-жылдын 29-ноябрындагы отчётунда мындай деп белгиленет: «Бизде азыр да

түштүк районунда эки улуттун ортосунда ажырагыс талаш-тартыш бар. Ошол эле учурда өзбектер эки топко бөлүнүштү: бири Кыргызстанды көздөй, экинчиси Өзбекстанды көздөй тартылат» [6, б.268]. Областтын Фергана бөлүгүндө кыргыздар менен өзбектердин ортосунда тирешүү фактылары катталган. Тойчинов 26-ноябрда КАОнун аткаруу комитетинин пленумунда чыгып сүйлөп, мындай жат көрүнүштөр тез арада жоюлууга тийиш экендигин белгилеген. Аткаруу комитетинин жыйынында алар Өзбекстандык салык органдары тарабынан Кыргызстанга берилген жерлерде мыйзамсыз салык чогултуу фактылары да белгиленген. Өзбек бийлигинин өзүм билемдигинен Кыргызстандын чек арага жакын аймактарындагы калк кош салыкка дуушар болгон.

Майда административдик бирдиктердин ичиндеги улуттук тирешүүлөр бүткүл Советтер Союзунда болгон. Көп учурда ар кандай этностордун өкүлдөрүнүн ортосунда түшүнбөстүктөр пайда болуп турган. Расмий басма сөздө «Орто Азияны чоң улуттук райондорго, мамлекеттерге улуттук бөлүштүрүү - революцияга чейинки административдик бөлүнүүнүн эң ири абсурддарына гана чекит койду», - деген пикирлер болгон. Улуттук республикалардын жана областтардын ички түзүмү жөнүндөгү: «айрым республикалардын ичинде ал дээрлик кол тийбес бойдон кала берген, ал эми бул калдыктарды жоюу Орто Азия республикалары али да болсо иштеп жаткан милдет», - [9] деп белгиленген.

Чакан административдик бирдиктердин ичиндеги улуттар аралык карама-каршылыктарды токтотуу максатында 1925-жылы июнь айында Орто Азияны райондоштуруу комиссиясы Кыргыз обкомуна төмөнкүдөй сунуш берген: «Улуттук азчылыктарды, мүмкүн болсо, өз алдынча райондорго, болуштуктарга, өзгөчө учурларда, эгерде алар саны өтө аз же тилкелерде жайгашкан болсо, алардан иш кагаздарын жүргүзгөн жана улуттук азчылыктын тилинде билим берүүчү өзүнчө айылдык кеңештерди бөлүп берүү зарыл».

Жаңыдан түзүлгөн областтын ичиндеги райондоштуруу «жарым-жартылай улуттук райондоштуруунун аякташы болгон». Областтын айрым округдарында улуттар аралык тирешүүлөр болгон. Түндүктө кыргыздар менен орустардын ортосунда тирешүү сакталып турган. Орус кулактары улуттар аралык ишенбөөчүлүктү чеберчилик колдонушуп, келгиндерди кыргыздарга каршы багыттап, аларды душман катары көргөзүшкөн.

Областтык аткаруу комитети төмөнкү советтик органдар калкы аралаш волосттордогу жамааттын алдында орус тилинде маалымат бериши керек деген тартипти белгилеген. Областтык аткаруу комитети 1925-жылдын 9-апрелинде волосттордун баардык мамлекеттик мекемелеринде жана уюмдарында иш кагаздарын кыргыз тилинде, ал эми округдук жана областтык мекемелерде параллелдүү түрдө орус жана кыргыз тилдеринде жүргүзүүнү караган токтом кабыл алган. Бирок, кээ бир болуштуктарда этникалык азчылыктар басымдуулук кылган. Бирок бардык иш кагаздарын кыргызчага которуу алардын турмушуна жана чарбалык иштерине терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Этникалык азчылыктар (өзбектер, дунгандар, украиндер, немистер) жашаган волосттордо иш кагаздарын жүргүзүү орус тилинде жүргүзүлүп, алардын конституциялык укуктары чектелген. 1925-жылы май айындагы РКП(б)нын XII съездинин чечимдеринде «улуттук азчылыктардын бир нече тилдерин колдонгон өзүнчө кеңештерди түзүү, мектептерди уюштуруу жана соттук иштерди эне тилде жүргүзүү» [16, б.82] каралган. Жергиликтүү совет бийлигине улуттук азчылыктардын таламдарын жана укуктарын эске ала турган болуштукту жана башка баштапкы административдик бирдиктерди түзүү милдети тапшырылган.

Ошондуктан кыргыз болуштуктарында жайгашкан аз улуттарга өз тагдырын өзү аныктоо укугун берүү зарыл болгон. Эл депутаттарынын советтери, мамлекеттик башкаруу органдары, коомдук уюмдар улуттук азчылыктардын тилинин, турмуш-тиричилигинин, чарбасынын өзгөчөлүктөрүн дайыма эле эске алынбастан, алардын социалдык-этникалык өнүгүшү үчүн атайын иш-чараларды пландаштырууга жетиштүү көңүл бурушкан эмес. 1925-жылы 24-марттагы партиялык конференцияда улуттар аралык мамилелер жөнүндөгү маселе каралган. Баяндамачы Зелинский «башка улуттун катарына кирген автономиялуу райондор түзүлбөйт. Бирок, мисалы, өзгөчө орус калкынын өзүнүн аткаруу комитети, болуштукта мектеп болушу жана сот иштерин өз тилинде жүргүзүшү мүмкүн, муну жасоо керек», деп белгилеген [12, б.29]. Ошентип, кыргыз болуштуктарында улуттук азчылыкты түзгөн европалык калкка өз тагдырын өзү чечүү укугу берилген.

Көптөгөн башка улуттар (уйгурлар, дунгандар, немистер) жашаган жерде этникалык көйгөйлөр курч болгон. Жергиликтүү советтик органдардын жакшы иштеши үчүн бир катар чараларды көрүү керек эле. Аларга төмөнкүлөр кирген: иш кагаздарын басымдуулук кылган этностун тилинде жүргүзүү, улуттук азчылыктарды өз алдынча административдик бирдиктерге (айылдык кеңештерге, улуттук болуштуктарга) бөлүү жана өз алдынча башкарууну камсыз кылуу. Этникалык азчылыктардын маданий муктаждыктары да бар болучу. Ошондуктан 1925-жылдын 2-апрелинде РКП (б) Киробкомунун аткаруу бюросу улуттук азчылыктардын болуштуктарын уюштуруу маселесин изилдөө үчүн атайын комиссия түзгөн [6, б.264]. А.Орозбековдун төрагалыгы астында 1925-жылдын 11-июнунда РСФСРдин КАО советтеринин аткаруу комитетинин пленардык кеңешмесинде областты жаңы административдик бөлүштүрүү маселеси каралган. Областтык аткаруу комитеттин президиумуна жана округдук аткаруу комитеттерине областтын жаңы административдик-аймактык бөлүнүшү жөнүндөгү долбоорду майда-чүйдөсүнө чейин иштеп чыгууну баштоо сунуш кылынды. Областтык аткаруу комитеттин токтомуна ылайык райондоштуруу табигый-тарыхый, демографиялык, жер, турмуш-тиричилик принциптерине негизделиши керек болгон. Ушул эле кеңешмеде областтык аткаруу комитеттин президиумуна Каракол-Нарын округу боюнча бүткүл районду тейлей турган жана чындап эле округдун борборунда жайгаша турган жаңы борборду түзүү жөнүндөгү маселени изилдеп чыгуу тапшырылган [13, б.58].

1925-жылы областтын түштүк бөлүгүндөгү 30 волосттун төмөнкү аппаратын тандап изилдөө анын өтө начар абалын көрсөткөн. Советтик революциялык мыйзамдуулуктун, талаптын жана салык салуунун мүнөздүү өзгөчөлүгү сакталбагандыгы жана кээ бир жерлерде төмөнкү советтик аппарат таптакыр жоктугу көрүнгөн. Жайлоодо - совет бийлиги дээрлик болгон эмес. Алсак, Буров-Петровдун «Суусамырда күч бийлигинен башка эч кандай бийлик болгон эмес», деп көрсөткөн [2, б.32].

Административдик бөлүнүш Москвада бекитилгенге дал келген эмес. Анткени анда «Борбор (област) - округ - болуштук» дегенден башка административдик бирдиктерди түзүү каралган эмес. Бирок жаңы административдик бирдик - район түзүлгөн. Бир катар райондор областтык жетекчилик тарабынан (Талас, Нарын), кээ бирлери райондук аткаруу комитет тарабынан (Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар ж. б.) түзүлгөн. Райондун болушу 1925-жылдын 5-мартындагы райондоштуруу боюнча комиссиянын жыйынында зарыл деп табылган. Бирок областтык райондоштуруу боюнча комиссия Талас, Нарын жана Кетмен-Төбө райондорун гана сактап калууну сунушталган [13, б. 58].

Бир катар округдарда экономикалык көйгөйлөр болгон. Мисалы, Пишпек округу бири-бирине байланышпаган эки райондон турган. Биринчисине 60 миң калкы бар соода-

экономикалык жактан, областтын борборунан 30 чакырым алыстыкта жайгашкан Олуя-Ата шаары менен байланышкан Талас өрөөнү кирген. Анын, Пишпек округунун башка райондору менен жалпы суу пайдалануу жана сугаруу системасы болгон эмес. Талас району түндүк-чыгыштан жана түштүктөн Талас Ала-Тоосунун бийик, татаал кырка тоолору менен курчалган географиялык обочолонгон аймак болгон. Жолсуз шарттарда алыскы волосттордон округдун борбору Пишпекке чейин 430 чакырым жол жүрүүгө туура келген [6, б. 270]. Кошумчалай кетсек, Борбордук Азиянын райондоштуруу боюнча комиссиясынын төрагасынын орун басары Ярослав Дублицкий (областтык региондоштуруу боюнча комиссиянын төрагасы) Талас районун өз алдынча бирдикке бөлүүнү сунуштайт. Экинчи районго – Чүй өрөөнүндө жайгашкан болуштуктар кирген. Алар Пишпек шаарына соода-экономикалык жактан тартылып, бир багыттуу чарбалык иштерди жүргүзүшкөн.

Талас районун жетекчилиги областтын бийлигине Талас районун өз алдынча административдик бирдикке айландыруу жана Пишпек округуна баш ийүүдөн чыгарып областтарга түздөн-түз баш ийүү өтүнүчү менен кайрылган. Анткени «райондун 60 000ге жакын калкы бар, ал областтык жана округдук борбордон обочо турат» [14, б.14-15]. Талас району менен Чүй өрөөнүндөгү уруулардын келип чыгышынын айырмачылыгына байланыштуу жалпы пайдалануудагы «жайлоо» жерлери ар бир райондун өз алдынча пайдалануусунда болгон.

Каракол-Нарын округунда өзүнчө Нарын району болгон [18, б.7]. Жакшы өнүккөн кара жолдордун жоктугунан округдун борбору Каракол шаары менен байланышы оор болуп, кышында байланыш үзүлүп калган. Каракол району негизинен мал чарбасы менен айкалышкан дыйканчылык, ал эми Нарын районунда таза мал чарбачылык болгон. Каракол районунда отурукташкан жашоо образын карманган калк басымдуулук кылса, Нарын районундагы уруулар көчмөн болгон. Каракол уездинин калкынын курамы Нарын уездинин калкынан айырмаланып турган. Биринчисинде 30% европалыктар болсо, экинчисинде жалаң кыргыздар жашаган [18, б.8].

Нарын району округдун борбору Каракол шаарынан обочо турган. Мына ушуга байланыштуу округдун экономикалык жана саясий жетекчилиги Нарын районунда жок болгон. Караколдо жайгашкан округдук уюмдардын ишмердүүлүгү негизинен Ысык-Көл менен чектелип, округдун борборунан 300 жана андан ашык чакырым алыстыкта турган Нарын районуна дээрлик таасирин тийгизген эмес [17, б. 352]. Областтан болуштуктарга, жетиш үчүн эки жума убакыт талап кылынган, айрымдарына ашууларды кар баскан убакта жылына бир жолу гана барууга туура келген.

Калктын чарбалык иш-аракетинин багыттарынын айырмалуулугуна жана районго жетүү кыйынчылыгына байланыштуу Каракол округунун аткаруу комитетинин жетекчилигинин Нарын районунун чарбалык турмушун башкара албай тургандыгы, атайын иш чараларга өзгөчө мамилени талап кылары ачык-айкын болуп калган.

Областтын төрт округдук административдик бөлүнүшү убактылуу болуп, келечектеги экономикалык, саясий жана башка муктаждыктарга жооп бербеген.

Жаңы райондоштурууга түрткү болгон себептерге кыргыз элинин маданий жана чарбалык курулушун камсыз кылуу дагы кирген. Чындыгында, ушул кезге чейин бардык экономикалык жана маданий борборлор кыргыз калкына маданий-чарбалык курулуш үчүн зарыл шарттарды түзө алган эмес. Ошондой эле мектептер, ооруканалар, болуштук борборлор, жада калса айылдык борборлор европалык айылдарда жайгашкан.

Райондоштуруу принциптери жалпысынан алганда адилеттүү жүргүзүлдү деп айтылганы менен карама-каршы учурлар да абдан арбын кездешкен. Анткени улуттук белгилери боюнча чек араларды аныктоодо жалпы кабыл алынган принциптер көчмөндөрдүн жашоо турмушун эске албастан жүргүзүлгөн. Алсак, алар кышкысын отурукташкан элдин арасында көпчүлүктү түзсө, башка убакта аз санда болгон. Ал эми чек араларды, жерди пайдалангандыгы боюнча аныктоо принциби болсо, көпчүлүк учурларда бухара-кокон жана орус падышачылык бийлигинин кемчиликтери, анын кесепеттери совет мезгилинде укуктук жактан бекемделип калган. Буга карабастан, ошол мезгилде республиканы, улуттук кызыкчылыктарды сактап калууга аракеттерди жүргүзүүгө анача-мынча болсо да мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдрахманов, Ю. *Дневники. Письма к Сталину* [Текст] / Ю. Абдрахманов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1991. – 111 с.
2. Буров-Петров, В.И. *На борьбу с байством и манапством* [Текст] / В.И. Буров-Петров. – Фрунзе: Киргосиздат, 1927. – 32 с.
3. *Кыргызская государственность в XX веке* [Текст] / сост. А. Джуманалиев. – Бишкек, 2003. – 205 с.
4. Курманалиев, К.А. Кара-Кыргыз автономиялуу областынын 1925–1926-жылдардагы округдук-волостук түзүлүшүн өзгөртүү / К.А. Курманалиев // *Вестник КГУ им. И. Арабаева*. – Бишкек, 2024. – №4. – С. 427.
5. Комиссии по районированию Киргизской Автономной области. Протокол №14. 17 октября 1925 г. [Текст]. – ЦГА Кыргызской Республики, ф. 20, оп. 1, д. 19, – 24 б.
6. Малабаев, Дж. *Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма (1917–1937 гг.)* [Текст] / Дж. Малабаев. – Фрунзе, 1969. – 264, 270 с.
7. Нурбеков, К.Н. *Возникновение киргизской советской национальной государственности* [Текст] / К.Н. Нурбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1964. – 10 с.
8. *Образование Киргизской Автономной ССР* [Текст]: Материалы и документы. – Фрунзе, 1927. – 7 с.
9. Протокол объединенного заседания Кара-Киргизской и Узбекской национальных комиссий от 20 августа 1924 г. о спорных волостях между Кара-Киргизской автономной областью и Узбекской ССР (Входящих в Кара-Киргизскую Автономную область) [Текст]. – ЦГА Кыргызской Республики, 2955, оп. 1, ед. хр.16, – 3 б.
10. Протокол №11 Президиума Исполнительного Комитета Кара-Киргизской автономной области от 22 апреля 1925 года «О преобразовании Кара-Киргизской автономной области в Кара-Киргизскую автономную республику путем присоединения к РСФСР» [Текст]. – КР БМ КФФДА № 2-2793.
11. Письма представителей кыргызского народа о положении, в котором оказались кыргызы Семиречья к 1920 году и выходах из него. Обращение к тов. Ленину и тов. Бройдо [Электронный ресурс] // Сайт фонда Санжарбека Даниярова. – Режим доступа: https://daniyarov.kg/2017/11/09/pismo-ot-1-maya-1920-goda-vozhdyu-rossiyskoy-r/
12. Протокол №8 заседания Президиума Революционного Комитета Кара-Киргизской автономной области РСФСР от 29 ноября 1924 года «О мероприятиях, связанных с новым районированием Кара-Киргизской автономной области» [Текст]. – ЦГА Кыргызской Республики, ф. 20, оп. 1, д.3, – 29 б.

13. Протокол №2 от 17 декабря 1924 года заседания комиссии по районированию при Ревкоме Кара-Киргизской автономной области «О сведение отдаленных волостей в отдельные районы» [Текст]. – ЦГА Кыргызской Республики, ф. 1247, оп. 1, д.19, – 58 б.
14. Протокол №5 заседания Президиума Революционного Комитета Кара-Киргизской автономной области РСФСР от 26 ноября 1924 года «Об утверждении состава Таласского районного Революционного Комитета» [Текст]. – ЦГА Кыргызской Республики, ф. 1247, оп. 1, д.19, – 14–15 бб.
15. *Резолюции и постановления съездов Советов Киргизии (1925–1937 гг.)* [Текст]. – Фрунзе, 1973. – С. 11–12.
16. *Съезды Советов в документах 1917–1937 гг.* [Текст]: Т. 3. – М., 1960. – 82 с.
17. Турсунов, Х. *Национальная политика Коммунистической партии Туркестана (1917–1924 гг.)* [Текст] / Х. Турсунов. – Ташкент: Узбекистан, 1971. – 8, 352 с.
18. Фатьянов, И.А. *Хозяйственное и культурное строительство в Киргизии* [Текст] / И.А. Фатьянов. – Ф.: Киргосиздат, 1927. – С. 8, 9, 11.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Алымкулов К.**